Кимде-ким бул дүйнөдө жибек кийим кийсе, акыретте аны кийбейт

Умар (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким бул дүйнөдө жибек кийим кийсе, акыретте аны кийбейт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул дүйнөдө жибек кийим кийген эркек жаза катары акыретте аны кийбестигин айткан.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/2986